Кусеин ИСАЕВ:

# "СОЦИОЛОГИЯ ДҮЙНӨДӨ ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕРДИН ИЧИНДЕ БИРИНЧИ ОРУНГА ЧЫКТЫ"



**Философия илимдеринин доктору, социология профессору, Кыргыз Эл мугалими, Кыргызстандын социологиялык ассоциациясынын президенти, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин социология бөлүмүнүн башчысы Кусеин Исаев Түрк дүйнөсүнүн социологиялык ассоциациясынын Астана шаарында 27-ноябрда боло турган кезектеги жыйынына катышуу үчүн жөнөп кетти. Сапар алдында аталган окумуштуу "Кутбилимге" социология илиминин дүйнөдөгү жана азыркы өнүгүү деңгээли жана тенденциялары жөнүндө ой бөлүштү.**

**- Кусеин Исаевич, жакында жергиликтүү бир катар окумуштуулар социология илиминин күнүн белгилешти. Ошондуктан бул күндүн тарыхынан кеп учугун жандырсаңыз?**

- «Социология» деген түшүнүк 18-кылымда пайда болгон. Француз Анри де Сен-Симон социалдык өнүгүү, социализм жана социология деген үч терминди колдонгон, бирок чечмелеген эмес. 1830-жылы француз окумуштуусу Огюст Конт «социология» түшүнүгүн илимдин тармагы катары киргизген. Социология илими физика, математика, биология, химия, астрономиядан кийин алтынчы орунда болгон. Синергетика («синергетика» - грек тилинен «биргелешип аракеттенүү» маанини түшүндүрөт) деген илим пайда болгондо, жакшы өнүгө албай, илим дүйнөсүнө бата албай жүргөн. Ошондо социология синергетиканын өнүгүүсүнө жакшы шарт түзүп берген. Андан кийин, 20-кылымда синергетика илим катары чыкканда, социология гуманитардык илимдердин арасынан биринчи болуп чыккан. Бүгүнкү күндө илимди өнүктүрүү боюнча социология биринчи орунда.

Биздин уюштуруучуларыбыз Бакытбек Малтабаров, Самарбек Сыргабаев, Бактыбек Сейитбаев баш болуп Кыргызстанда жалпы социологиянын күнүн белгилеп, жыл сайын өткөрүп турсакпы деп пландаштырып жатышат. Себеби, дүйнөдө быйыл бул майрамды 105-жолу өткөрүп жатышат. Биринчи жолу социология күнүн Париж шаарында 1904-жылы майрамдашкан. 1917-жылга чейин социология илим катары орустардын арасында кеңири тараган. Орустун интеллигенциясы 18-19-кылымда негизинен французча өнүгүп, французча сүйлөшкөн. Социология дагы ошондой болгон. Ал кезде Парижде орустардын эл аралык социологиялык институту болгон. Анда орустардын эң белгилүү окумуштууларынын баары тең лекция окушкан. Бирок 1917-жылы октябрь айында Орусияда бийлик алмашкан, социалисттик революция жеңген, бирок орустун гуманитардык интеллигенциясы ошол революциянын максатын кабыл алган эмес. Ошондо Ленин ачууланып, бийликке келгенден кийин 1922-жылы социалисттик идеяга, социалисттик революцияга байланышкан маселелерди кабыл албагандардын баарын (болжол менен 236 кишини) пароходго салып, батышка айдап жиберген. Ошондо Францияга баргандар француз тилинде, Германияга баргандар немис тилинде, Америкага баргандар англис тилинде орустун гуманитардык илимдерин өнүктүрүшкөн. Мисалы, Питирим Сорокиндин социология боюнча жазган китептери 92 том болуп, алар азыр орустар тарабынан чыгарылып жатат. Питирим Сорокин АКШнын белгилүү университетинде социология факультетинин эки жолу деканы болгон. АКШ боюнча социологдордун коомунун президенти болуп эки жолу шайланган. Архивде Сорокин жөнүндө жазган Лениндин каты бар экен. Анда Лениндин «Эгер ал Россияда көрүнчү болсо - атып салгыла» деген сөздөрү бар болчу. Ошондон улам, аны Россияга Лениндин тирүү кезинде жана коммунисттик партиянын бийлиги кезинде киргизген эмес.

*Социология тарыхсыз өнүгө албайт. Биз калктын, коомдун тарыхын билбей туруп улуттук социологияны алдыга өнүктүрө албайбыз.*

Биз экинчи жолу республикабызда социологиянын күнүн белгилеп жатабыз. Бүгүнкү күнү социология гуманитардык илимдердин ичинен биринчи орунга чыкты: жалпы дүйнө боюнча гана эле эмес, Орусия жана Кыргызстанда дагы.

**- Социологдордун эл аралык деңгээлде башын кошкон, ишин координациялаган кандай уюмдар бар?**

- Дүйнөлүк деңгээлде социологдордун эки уюму бар. Биринчиси - 1919-жылы еврейлер тарабынан Париж шаарында уюшулган «Эл аралык социологиялык институт» деп аталган. Бул институт ушул кезге чейин ар бир үч жыл сайын дүйнөлүк конгресстерди өткөрүп турат. Негизинен бул институт дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттеринде катталган, Кытай Эл Республикасында (КЭР) да филиалы бар. Мага 2004-жылы ошол институттан «Улуттук социалдык билимдердин дүйнөлүк илимдерге кошкон салымы» жөнүндө талкуу жүргүзүү жана кыргыз элинин ушундай салымы болгонун билүү максатында чакыруу кат келген. 2004-жылы КЭРге барып, ошол чогулушта кыргыз элинин дүйнөлүк социалдык казынасына кошкон салымы деп тогуз нерсени санап бердим – теңирчиликтен (ата-бабаларыбыздын табият менен ымалашуусу, табияттын мыйзамдарын билүүсү жөнүндө) баштап боз үйгө чейин. Ал доклад кытай, орус, кыргыз тилинде китеп, журналдарда жарыяланды.

Экинчи социологиялык эл аралык уюм – БУУнун ЮНЕСКО уюмунун 1949-жылдагы демилгеси менен уюшулган Дүйнөлүк социологиялык ассоциация. Бул ассоциация ар бир төрт жылда конгресс өткөрүп турат. Бул иш-чаралар 10 жыл бою ЮНЕСКО тарабынан каржыланган, кийин Дүйнөлүк социологиялык ассоциация өзүнчө эркиндикке чыгып, өзүн-өзү каржылоого өткөн. Бул ассоциациянын мүчөсү катары 120 мамлекет таанылып келет.

**- Сиз атап кеткен социологдордун эл аралык уюмдары менен кыргызстандык окумуштуулардын байланышы, алака-катышы бар экени белгилүү. Сиз жылыга алардын чакыруусу менен дүйнөнүн чоң шаарларына барып, ар кандай жыйындарга катышып келип жүрөсүз. Өзүңүз катышкан соңку жыйындарда талкууланган маселелерден мисал келтирсеңиз. Дүйнөдө социология илиминин өнүгүү тенденциялары кандай?**

- КР социологиялык ассоциациясы Дүйнөлүк социологиялык ассоциацияга мындан 15 жыл мурун - 2002-жылы мүчө болгон. Биз мүчө катары бардык конгрессине чакырылабыз. Канаданын Монреал шаарында өткөн (1980-ж) 14-конгрессинде «Кыргыздарда жергиликтүү башкаруунун өзгөчөлүктөрү» аттуу доклад окугам. Ал доклад англис, кыргыз, орус тилинде жарыяланган. 15-конгресс 2002-жылы Австралиянын Бризвен шаарында болгон. 16-конгресс 2006-жылы Түштүк Африканын Дурман шаарында болгон. 17-конгресс 2010-жылы Швециянын Гетенборг шаарында өткөн. 18-конгресс 2014-жылы Японияда Йокогама шаарында орун алган. Булардын бардыгына менин катышуумдун чыгымы ассоциация тарабынан каржыланган. Дүйнөлүк ассоциацияда 54 илимий комитети жана алты илимий топ бар. Алардын бардыгы конгресске доклад даярдашат (маселелердин окшоштугуна жараша секцияларга бөлүнөт). Алты илимий топтун бирөө «Глобалдык жана аймактык мамилелердин социологиясы» деп аталат. Ал жерде Америка, Германия, Франция, Кыргызстан, Россия болуп 13-14 мамлекет мүчө болуп саналат. Мен көп жылдан бери ал топтун төрагасынын орун басарымын. Японияда болгон акыркы Конгрессте «Жергиликтүү иденттүүлүк жана анын өзгөчөлүктөрү» аттуу доклад окугам. Ал эми ар бир эки жылда 54 илимий комитеттин улуттук социологиялык ассоциацияларынын отчеттору каралат. Кезектеги жыйналышы 2016-жылдын июнь айында Австриянын Вена шаарында болот.

**- Кыргыз социологиясынын абалы дүйнөлүк социологиянын көз карашынан алганда кандай баа алып келатат?**

- Биздин республикабызда социологиялык ассоциацияны түзгөндөн бери социология илимин, кесибин республикабызда таратууга аракет кылып келебиз. Эң алгач БГУда «Башкаруу жана социология» кафедрасын ачканбыз. Ошондон бери бул жерде социология бөлүмү, аспирантурасы жана жаңы шартка байланыштуу бакалавриат, магистратура, докторантура бар. Ушул төрт канат боюнча адистерди даярдашыбыз керек. Бул маселе боюнча билим берүү министрликтен каршылык жок, бирок биз активдүүрөөк, тартиптүүрөөк, мекенчил болушубуз керек. Азырынча мактана турган нерсебиз аз, журнал да чыгарбай жатабыз. 1980-жылы биздин республикабызда социологиялык илим коргоо кеңештерин ачууга Аитов Нариман аттуу дүйнөлүк окумуштуу, Лев Кохан аттуу мыкты окумуштууларды Кыргызстанга чакырганбыз, бирок Аитовго турак жай берүүгө Кыргызстан коммунисттик партиясынын жетекчилери уруксат бербей койгондуктан, кеңешти Казакстанда ачканга туура келген. Ал кеңеште Кыргызстандан Саида Нурова, Жаңыл Боконтаева, Рая Осмоналиева, Муратбек Мендибаев өзүлөрүнүн кандидаттык диссертацияларын коргогон. Москвадагы Таалай Шаршембиеванын, Екатеринбург шаарындагы Ольга Пинхасованын диссертацияларынын жактоосун уюштурдук. 1991-жылдан бери Кыргызстанда кандидаттык улуттук диссертацияларды коргоо боюнча кеңешибиз бар.

**- Азыр дүйнөдө өзгөрүүлөр абдан жогорку темп менен жүрүп жатат. Анын ичинде Кыргызстанда дагы коомдук аң-сезим, асыл-нарктар дагы тездик менен өзгөрүүдө. Буга технологиялык жетишкендиктер дагы өзүнүн таасирин тийгизүүдө. Ушундай өзгөрүүлөргө ыңгайлашууга социология боюнча илимий изилдөөлөр үлгүрүп жатабы?**

- Мурун коммунисттик партиянын акылдуу жетекчилигинин алдында иштеп келгенбиз, илимий иштерибиз, темаларыбыз партиянын жетекчиликтин астында болчу. Социалисттик коомдун жоюлганына 25 жыл болду. Бийлик алмашты. Кыргызстан - эркин мамлекет болгондуктан тиричиликтин бардык барактарында өнүгүү, өркүндөө мүмкүнчүлүктөрү ачылды. Бирок эч ким бизге нан салып бербейт. Өзүбүз аракеттенишибиз керек. Мугалимдер пара алганды токтотуп, сабакты сапаттуу өткөрүш керек. Биз болсо мамлекетибизге, жамаатчылыкка, ар бир адамга пайдасы тие турган темаларды сунуштап, күн тартибине коюшубуз керек.

Социология тарыхсыз өнүгө албайт. Биз калктын, коомдун тарыхын билбей туруп улуттук социологияны алдыга өнүктүрө албайбыз. Биз ушул кезге чейин Батыштын акылы, пропагандасы менен жашап келгенбиз. Эки жарым кылым кыргыздар башкалардын акылы менен жашоого аргасыз болгон. Ошол эки жарым кылымдан кийин биринчи жолу өз алдынча мамлекеттүүлүккө ээ болдук. Демек, биз өзүбүздүн акылыбыз менен кыргыздын жерин, кыргыздын байлыгын барктайлы. Азыркы учурда биздин жарандардын жумушка жарамдууларынын 60% чет өлкөдө эмгектенип, мигрант болуп жүрүшөт. Бул биздин бийликтин алсыздыгынын көрсөткүчү. Элибизге жумуш ордун камсыздоо зарыл. Чет жерде жүргөндөрдүн кичине балдары мындан жапа чегип жатышат. Ошондуктан коомдо кантип адилеттүүлүк түзөбүз деген маселеге орчундуу карашыбыз керек. Ушул кезге чейин бул маселе боюнча бир да макала жок.

Беш жылдык стратегия күндөлүк нандын гана деңгээлинде түзүлгөн. Ошондуктан биз кайда бара жатабыз, кантип бара жатабыз деген суроолор боюнча маселе коюп, социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүшүбүз керек.

Бүгүнкү жарандык коом, социалдык жиктешүү дагы социология илимдери үчүн өтө орчундуу изилдөө объектилеринен болуп саналат. Мурун биз жумушчу та п (колхозчулар) жана интеллигенция деген эки коомдук катмарды бөлүп окуганбыз. Ал эми бүгүнкү социалдык түзүлүшүбүз эмнеден турат? Кыргыз коому ар кандай көрсөткүчтөргө, бааларга, изилдөөлөргө муктаж. Байлар жана жакырлар коомдун негизи болуп калды. Кедейлер, алардын түрлөргө бөлүнүшү азыркы учурда чоң маселеге айланды. Айылдык, шаардык, түштүк, тоолуктар жана алардын келечеги эмне болот деген маселелер каралууга тийиш. Орто тап бизде барбы? Алар кимдер? Бүгүн Батыш социологиясында прекариат деген термин пайда болду (лат. прекар - туруксуз, ээликтен, менчиктен ажыратылган, кепилдикке учурабаган ж.б). Бүгүнкү күндө прекариат Европанын жана Орусиянын коомунун 30-40% түзөт. Бизде прекариат канча пайызды түзөт? Бул дагы изилдөөнү талап кылат.

Социологияны жандандырып, мамлекет тарабынан каржылана турган деңгээлге жеткиришибиз керек. Азыркы учурда социология студенттерине практика өтүүгө мамлекеттен эч кандай акча бөлүнбөйт, дегеле социологиялык анкетанын басылып чыгуусуна каражат берилбейт. Ушул маселелерди биз күн тартибине коюп чечип, мамлекетибиздин өнүгүүсүнө тийиштүү салым кошуубуз керек.

**Маектешкен К.ЧЕКИРОВ,**
**"Кутбилим"**

• ПАМЯТЬ

# Карыбек Молдобаев - локомотив университета "Манас"

***Когда в 2002 году ректор Карыбек Молдобаев и первый проректор Сейфуллах Чевик выдвинули меня на должность генерального секретаря, на которого возложено руководство всеми финансовыми и административными делами, я был в замешательстве и попросил назначить меня временно и. о. генерального секретаря, пока не найдут более подходящую кандидатуру. Однако все мои страхи и сомнения быстро рассеялись. Руководство оказалось идущим в ногу со временем, со свежим взглядом на жизнь и придерживающимся принципа, что важен не процесс, а результат. В ходе работы я увидел, что ректор и первый проректор - единомышленники, искренне заинтересованные в развитии и процветании университета.***



Хочу сказать, что эти пять лет, которые я проработал с Карыбеком Молдобаевичем, оказались для меня ценными и плодотворными, он открыл мне незнакомый из Турции возникали бурные споры и дискуссии.

Карыбек Молдобаевич никогда не делил людей по возрасту, занимаемой должности и уровню образования. Несмотря на отсутствие у меня академической карьеры, опыта работы в университете, мой младший возраст, мы с ним работали на равных, или мне так казалось. За все пять лет совместной деятельности я ни разу не слышал от него привычное для меня на прежних постах: "Я руковожу столько лет...", "Я нахожусь на высшей академической ступени".

Карыбек Молдобаевич чтил и придерживался правил устава и инструкций университета и требовал этого от других. В то же время он многое сделал для формирования традиций вуза, придавал большое значение таким мероприятиям, как начало - завершение учебного года, вручение дипломов выпускникам, и лично следил за тем, чтобы они стали доброй традицией.

Спорные вопросы, связанные с университетом, он всегда передавал на рассмотрение сената и управленческого совета, выступая против субъективного их решения.

## Специализация

Карыбек Молдобаевич уделял особое внимание специализации. В ходе строительства зданий экономического факультета и коммуникаций, находящихся в кампусе Джал, в выборе стройматериалов требовалось подтверждение ректората. По этому поводу Карыбек Молдобаевич всегда говорил: "Пусть не спрашивают нас. Это их сфера. Пусть пользуются своими полномочиями". Но сам при решении тех или иных вопросов всегда советовался со специалистами. Скажем, при возникновении юридических вопросов - с юристами, строительных - с инженерами и архитекторами, финансовых - с финансистами... В тех случаях, когда всегда обращались к нему за советами и, принимая то или иное решение, всегда старались соблюдать баланс между интересами университета и наших стран.

Мы всегда вместе принимали решения и никогда не отступали назад. Так совместно открыли новые факультеты и отделения, которые в будущем смогут обеспечить занятость молодежи и создать качественную рабочую силу в Кыргызстане.

Мы тщательно следили за тем, чтобы такие распространенные в обществе негативные явления, как коррупция и взяточничество, не пересекли порог нашего университета. Опять же большую поддержку в этом вопросе нам оказал Карыбек Молдобаевич. С его помощью мы смогли предотвратить деятельность сомнительных людей. Я уверен в том, что Кыргызско-Турецкий университет "Манас" - единственный вуз, который добился успеха в этом вопросе.

Я слышал от экс-посла Турции, господина Метина Гёкера, что в год основания университета Карыбек Молдобаевич работал по 24 часа в сутки, но никогда не хвастался своими достижениями и успехами в карьере. Должности, на которых работали его ассистенты во время его руководства, и почтение Карыбека Молдобаевича как "аксакала" стало преимуществом ция Карыбека Молдобаевича позволила университету безболезненно пережить революционный период в Кыргызстане. Опытное, чуткое, терпеливое и внимательное руководство Карыбека Молдобаевича сыграло важную роль в истории развития вуза.

Советы и наставления, которые он давал во время выступлений, говорили о его безупречном опыте и способности предвидеть будущее. Он всегда морально поддерживал как меня, так и семью, и окружающих его людей.

Карыбек Молдобаевич является не только ректором - основателем Кыргызско-Турецкого университета "Манас", но и главным архитектором развития университета, который многие годы служил заведению и стал особо важной личностью в его сохранении и достижениях по сей день.

За всё время его работы с турецкой стороны сменилось три проректора, а он оставался на своей должности. Это, в свою очередь, доказывало стабильность его работы. Для него не могло идти речи о том, чтобы назначить или продвинуть того, кто не заслуживал этого. Опять же большим примером для нас было и то, что он работал с утра до позднего вечера, включая выходные дни.

Наряду с удачами были и времена неудач. Карыбек Молдобаевич до конца защищал

прежде научный мир, щедро делился опытом руководителя.

## Видение

Карыбек Молдобаевич не зацикливался на повседневных вопросах, по его мнению, их следовало решать соответствующим административным инстанциям. Если речь шла о принятии на работу админсотрудников, частных конфликтах, незначительных финансовых проблемах и т. п., он напрямую передавал их решение административному руководству. В случае возникновения сложностей дело передавалось генеральному секретарю.

А вот к таким событиям, как открытие новых факультетов, научно-исследовательским проектам, архитектурной концепции нового здания, имиджу университета в стране и мире, развитию сотрудничества в сфере промышленности, новым технологиям преподавания и т. д. он относился очень серьезно и ответственно. Документы, связанные с этими вопросами, он рассматривал детально и не подписывал их, не убедившись в их нужности и глубокой проработанности.

Девизом при создании Кыргызско-Турецкого университета "Манас" стало понятие "Золотой мост". И я никогда не забуду слова Карыбека Молдобаевича о том, что "университет "Манас" будет не только золотым мостом, объединяющим Турцию с тюркским миром, а тюркский мир со всем остальным миром".

## Открытость

Молдобаев был открытым человеком. Благодаря этому он умел воплощать свои идеи в реальность. На собраниях сената и управленческого совета он создавал такую атмосферу, чтобы каждый мог открыто выразить свое мнение. Не знаю, связано ли это с тем, что в Турции не привыкли к такому подходу, но нередко на этих заседаниях между преподавателями "Я всю жизнь занимался этим", "Я знаю, как лучше" и т. д. Благодаря такому отношению и подходу все, кто трудился с ним, получали удовольствие от работы и вдохновение от ее результатов.

## Авторитет

Авторитет и сила Карыбека Молдобаевича заключались в его вежливости и тактичности. За пять лет я ни разу не видел, чтобы он нагрубил кому-нибудь. Всегда найдутся люди, которые не любят руководителя, а в данном случае ректора за то, что не всем он может угодить или сказать "да". Эти люди временами выходили за рамки дозволенного, могли прилюдно нагрубить ему. Однако Карыбек Молдобаевич проявлял в подобных случаях поразительную выдержку и такт.

В ситуациях, когда невозможно убедить человека и где дискуссия не имела смысла, молчание и хладнокровие ректора позволяли ему взять ситуацию под контроль. Он никогда не считал себя вправе вмешиваться в личную жизнь сотрудников и студентов, не придавал значения наговорам и сплетням, что вызывало большое уважение к нему как к руководителю. Этому я тоже учился у Карыбека Молдобаевича.

## Структуризация

Кыргызско-Турецкий университет "Манас" уделял большое внимание собственной структуризации. За годы существования в университете турецкая сторона сменила трех ректоров, четырех генеральных секретарей, и каждые два года назначала деканов и академический персонал, тогда как Карыбек Молдобаевич всегда стремился сохранять преемственность кадров, выступал против частой сменяемости персонала с турецкой стороны, предлагал, чтобы академический персонал из Турции назначали как минимум на пять лет.

он не мог принять решение, он учитывал и опирался на мнение специалистов.

Ректор всегда придерживался того, чтобы научно-исследовательские работы в университете проводились мультидисциплинарно. Только сегодня, учитывая быстрое развитие технологий, я понимаю, насколько это было важно на тот момент.

## Работа в команде

Молдобаев всегда делал ставку на работу в команде и не менял ее состав просто так. За годы моей деятельности, кроме нескольких необходимых кадровых изменений, состав команды не менялся. Даже во времена политических катаклизмов он смог противостоять давлению извне и сохранил свою команду.

## Решение проблем

В критических ситуациях Карыбек Молдобаевич, прежде чем прийти к какому-либо решению, мог долго думать, но, приняв его, никогда не оглядывался назад. В 2005 году в связи с политическими событиями в Кыргызстане начались мародёрство и незаконный захват земельных участков. Когда стало известно, что некие лица разбили палатки на участке университета, находящемся в Джале, встал вопрос о безопасности вуза в целом. Карыбек Молдобаевич, долго и молчаливо обдумав ситуацию, сказал: "Не волнуйтесь, не надо ничего делать. Народ не посягнёт на образовательные и религиозные учреждения". И действительно, в то неспокойное время, когда государство не могло взять ситуацию под контроль, университет оставался в целости и сохранности и продолжал работать в привычном режиме.

Если говорить о кыргызско-турецких взаимоотношениях на примере нашего вуза, отмечу, что при возникновении спорных вопросов и затруднительного положения мы Кыргызско-Турецкого университета "Манас".

Еще одно преимущество - он был другом всемирно известного писателя Чингиза Айтматова. Благодаря этому Ч. Айтматов дал согласие на назначение его советником по вопросам культуры. Он принимал участие в важных мероприятиях университета, тем самым оказывая нам большую честь и внося огромный вклад в развитие вуза.

Наряду с административной, академической влиятельностью и добродетельностью К. Молдобаева, не менее важными были его усилия в ознакомлении мирового сообщества с характерными особенностями тюркских государств и древней тюркской цивилизации. Энтузиазм, который ректор проявлял во всех этих вопросах, был важен как в проделанной, так и в предстоящей работе. Он всегда оставался человеком с идеалами и мечтами как для Кыргызстана, так и для турецкой нации и как дирижер оркестра создавал благоприятную рабочую атмосферу для всех.

Уделял большое внимание исследовательской работе ученых о тюркской цивилизации, которые находились за пределами тюркского мира, и старался публиковать их. Сделал всё от него зависящее, чтобы международные организации, такие как ЮНЕСКО и другие, оказывали поддержку в подобных работах. Он приложил много усилий для того, чтобы и Чингиз Айтматов помогал в этом вопросе.

Карыбек Молдобаевич имел большой авторитет не только в Кыргызстане, но и в России, Турции и других тюркоязычных странах.

Тот факт, что Карыбек Молдобаевич общался с руководителями и чиновниками из Турции на турецком языке и делился с ними своим опытом, еще больше привлекал к нему внимание и приумножал уважение. Надежная и твердая позиция преподавателей, критикующих власть, потому как он всегда был за правду и честность. Его действия и поступки подтверждали его борьбу за правду и справедливость. Даже в некорректных ситуациях Карыбек Молдобаевич сохранял свою принципиальность и деликатность государственного работника, тем самым служа примером для нас.

Особенно важными для меня стали близкое знакомство с семьей Карыбека Молдобаевича, работа плечом к плечу с великим мастером на протяжении пяти лет.

Мне представилась счастливая возможность познать восточную культуру, простирающуюся на территории от Кыргызстана до других тюркских государств, от Восточного Туркестана до Крыма, от индийского Тадж Махала до Японии. Мне удалось наблюдать за развитием тюркской культуры и связанным с ней образом жизни. Это также явилось для меня большим преимуществом.

Именно по этим причинам Кыргызстан, кыргызский народ, университет "Манас" и Великий Мастер своего дела, человек-пример Карыбек Молдобаевич стали для меня и моей семьи жизненно важными. Мы всегда будем помнить Карыбека Молдобаевича не только как ректора-основателя, проработавшего много лет, но и как главного архитектора Кыргызско-Турецкого университета "Манас", как великого учителя, который завоевал наши сердца.

Карыбек Молдобаевич - это личность, с которой всегда нужно брать пример молодым людям, пример великого руководителя и патриота тюркского мира, который способствовал изучению тюркской цивилизации известными учеными и изданию их трудов. Мы всегда будем помнить его со всей признательностью, благодарностью и глубоким уважением.

**Айхан СЮРЕК,**
**генеральный секретарь**
**КТУМ в 2002-2007 гг.**

# МОЛДОБАЕВ САЛГАН ИЗДЕР

**Кыргызстандын советтик соңку тарыхындагы белгилүү мамлекеттик ишмер, педагог, профессор Карыбек Молдобаев тирүү болгондо бул күндорү 83 жашка чыкмак. Ал эгемендүү Кыргызстандын тарыхында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин биринчи ректору, уюштуруучусу болгон.**



Ч. Айтматов жана К. Молдобаев Кыргыз-Түрк «Манас» университети (2000-жыл).

## Жетимдикти сездиртпей чоңойтту

Карыбек Молдобаев бала кезинин алгачкы жылдарын эстегенде баалуулугу эч качан ечпей турган эки ыйык нерсени: апасы менен туулган жерин жазат. «Апам карапайым аял болгону менен табиятынан жаратуучулук шыкка ээ эле. Аты Уулжан болчу. Балдарым небере кыздарымдын биринин атын өзүмдүн өтүнүчүм менен апамдын атынан коюшту» деп эскергенин окуйбуз.

Атасы менен апасы 10 балалуу болушат, алардын бешөө кичине кезинде эле чарчап калат. Карыбек алты жашка келгенде кырктын кырынан ашып турганда өпкесүнө суук тийип атасы каза болот. Апасы Уулкан өтө мээнеткеч эле, балдарына жетимдикти сездиртпей чоңойтконго болгон күчүн жумшайт. Оор турмуштун айынан бир туугандар тагекелеринде бир топ жыл жашап, алардын көмөгүн, тарбиясын көп алат. Апасынын кеңеши менен балдары бой көтөрүп келатканда атанын турагына үй салышып, өз алдынча түтүн булатышат.

«Апам өтө терең ойлонуп иш кылган экен көрсө, биз өз тегибизди унутпай, өзүбүзчө бир үй-бүлө болуп жашашыбызды каалаган экен, аны кийин түшүнүп олтурам», - деп эскерет Карыбек агай өз китебинде.

Карыбек агай Улуу Ата мекендик согуш башталганда тогуз жашта болгон, анын балалыгы жашоонун оор күндөрү өкүм сүргөн кыйынчылыктарга туш келген.

Алгачкы билимди Кочкордун Кызыл-Дөбө айылындагы мектептен алып, онунчу классты Тоң районундагы М. Горький атындагы мектептен «эң жакшы» окуп бүтүрөт. Тоңго барып калганынын себеби, бир тууган улуу агасы Токуш ал райондо аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштечү.

Агай өз эскерүүлөрүндө жазгандай, агасы Токуштун досу кыргыз профессионал музыкасынын

кандардын арасынан жалаң «эң жакшы» деген баага тапшырган жалгыз Карыбек болгон. Ал кезде бул окуя кыргыз жаштары үчүн чоң үлгү болорлук жаңылык эле.

Ошентип, алдыга суурулуп чыккан кичинекей Карыбек айтылуу университеттин философия кафедрасына профессору М.Ф. Овсянниковдун жетектөөсү менен илимий изденүүчү катары кабыл алынат. Кафедранын жамаатындагы абройлуу окутуучу-профессорлор, алардын ак пейилден жасаган мамилелери, илим жаа-

## Саясий карьерасынын кырлары

Карыбек агай университеттин окутуучулук-педагогдук гана эмес, коомдук турмушунда езүнүн ар тараптуу, билгичтик, уюштуруучулук жөндөмүн да көргөзө баштайт. 1959-жылдын сентябрь айында Кыргызстандын эң чоң жогорку окуу жайынын партиялык комитетинин катчылыгына шайлашат. Бул анын алдыңкы коммунист катары мамлекеттик кызматка болгон алгачкы

нушу жана ишеними менен Карыбек Молдобаев 1973-жылдын майында Фрунзе шаардык комитетинин биринчи катчысы болуп дайындалат.

Шаарды башкарып турганда Карыбек Молдобаев бел чечпей мыкты иштеди десек болот. Борбордун ал учурдагы жашоочуларынын пикирин тыңдасак, шаардын инфраструктурасы жакшырган, жаңы жолдор салынган, бир топ завод-фабрикалардын өндүрүштүк көлөмү өскөн. Карыбек Молдобаевич жетектеп турган 1974-1985-жылдары азыркы Бишкек шаары Бүткүл союздук же республикалык болуп, жогорку дара-

да Карыбек агайдын талбаган зор эмгегин мактаныч менен эскеребиз.

Университетти түзүү боюнча расмий документтерди даярдоо, ага ылайыктуу, татыктуу имаратты табуу, аны оңдоп түзөө, Түрк Өкмөтү менен байма-бай сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, алар менен тил табыша билүү, Бишкек-Анкаранын ортосунда байма-бай учуу, тиешелүү материалдык-техникалык базаны куруу, заманбап окутуучу-профессорлук кадрларды, алдыңкы адис-инженер кызматкерлерди табуу, тандоодо Карыбек Молдобаевдин далай түн уйкусун бузуп, түмөн түйшүгү ме-

негиздөөчүсү Абдылас Малдыбаевдин кеңеши менен 1951-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине тапшырып, беш жыл бою төрт албай окуп, окуу жайдын коомдук турмушуна да активдүү катышкан алдыңкы студенттерден болот.

## Илимдин жолуна түшүп…

Карыбек агай студент кезинде эле философия илимине кызыгып, ага байланыштуу китептерди көп окуп, өзгөчө эстетика тармагы боюнча эмгектерге көбүрөөк көңүл бура баштайт. Философия боюнча өткөрүлгөн ар кандай талкууларга активдүү катышып жүргөндө илимге болгон шыгы бар экендиги профессор-окутуучулардын көзүнө көрүнө баштайт. Жаш, дилгир Карыбектин жөндөмүн байкаган профессор М. Жунусов кафедрада уюштурулган илимий талкууларга чакырып, такшалткан, таптаган, жол көрсөткөн илимдеги биринчи саяпкери болгон.

Өз дилгирлиги, каныга алган билиминин аркасы менен Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин аспирантурасына далайларды артка таштап, конкурс аркылуу өтөт. Конкурска катыштындагы баалуу кеңештери жаш илимпозду дагы көптү билүүгө шыктандырган, ой-дүйнөсүн байыткан.

Жаш философтун ой чабытынын кеңейишине, ички көрөңгөсүнүн тереңдешине Москвадагы орустун көркөм дөөлөттөрү болгон айтылуу театрлар, музейлер, китепканалар, көргөзмөлөр өзгөчө таасир берген. Ал жеке эле орус маданияты эмес, дүйнөлүк көркөм баалуулуктардын эң мыкты жетишкендиктерине сугарылганын байкоого болот.

Илимдин түйшүктүү жолуна аттанган Карыбек Молдобаев 1956-жылы ММУнун философия факультетинин аспирантурасын аяктап, философия илимдеринин кандидаттыгы үчүн жазылган диссертациясын ийгиликтүү коргоп, Кыргызстанга кайтып келет.

Кыргыз мамлекеттик университетинин философия кафедрасына окутуучу болуп жаңы кабыл алынганда эле Карыбек сабактарына жаңычылдык менен мамиле кылган, жоопкерчиликтүү, жигердүү окутуучу катары өзүн көрсөтө билген. Көп өтпөй 200-300 студент сыйган чоң залда лекцияларды окуганга уруксат беришет. Бир жылдан кийин улук окутуучулук кызматка дайындашат, дагы эки жылдан соң доценттик даража алат.



К.Молдобаев таекеси Сыдыгалы Аитбаев менен (1950-жылдардын аягы)

кадамы, саясий карьерасынын башталышы болуп калды.

Карыбек Молдобаевдин саясий ишмердүүлүккө келишине ошол учурдагы Кыргызстан компартиясынын биринчи катчысы Исхак Раззаков менен болгон эки жолугушуу, анын сүйлөгөн сөздөрү чоң түрткү берген.

«Бул кишинин мыкты дикциясы жана оюн так билдиргендиги мени өтө таң калтырды. Мен Исхак Раззаковичтин бет түзүлүшүн өтө кунт коюу менен карап, ал кишинин сүйлөө манерасын эстеп калууга аракет кылдым. Ал киши абдан мыкты оратор эле», - деп жазат Карыбек агай өз китебинде.

Жаш коммунист, философтун саясий карьерасынын өр алышына ал кезде Кыргызстандын КП БКнын катчысы Бейшен Мураталиевдин жардамы зор болгон, анын үстүнө ал экөө жакшы жолдош, дос эле. Университеттин партиялык комитетинин катчылыгынан Кыргызстан компартиясынын Борбордук комитетинин илим жана маданият бөлүм башчылыгына сунуштаган, ал кездеги Кыргызстандын биринчи жетекчиси Турдакун Усубалиев менен тааныштырган да Б. Мураталиев болгон.

Карыбек Молдобаев Борбордук комитеттин бөлүм башчысы катары илим, билим жана маданият тармагын өнүктүрүү боюнча келечектүү пландарды иштеп чыгууга жетишет. Анын негизинде жогорку билим берүү багытындагы артыкчылыктуу маселелердин бири - инженердик-техникалык тармактагы адистердин сапатын жогорулатуу, мектептеги билим берүү айдыңында физика-математика жана химия-биология сабактарын окутуунун деңгээлин учурдун талабына ылайык жүргүзүү жана маданият тармагында борбордук жана аймактардагы театрлар менен музыкалык мекемелердин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана байытууда чоң иштер аткарылган.

## 10 жылда 12 сыйлык

Кыргызстан компартиясынын биринчи жетекчиси Т. Усубалиевдин сужадагы 12 сыйлыкка татыктуу болгон. Дал ушул жылдары К. Молдобаев Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери менен сыйланып, СССРдин эки жолку, Кыргыз ССР Жогорку советинин төрт жолку депутаты болуп шайланган.

Карыбек Молдобаевдин 1985-жылы Кыргызстан коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин катчылык кызматында дайындалышы анын саясий карьерасынын эң бийик сереси болду. Бийик эле эмес агайдын саясий ишмердүүлүгүндө карама-каршылыктуу оор күндөрү ошол кайра куруу жылдарына туура келет. Анткени өзүн тарбиялап өстүргөн, жетилткен, 25 жыл республиканы башкарып келген Т. Усубалиевдин кызматтан кетиши менен кайра куруу желаргысы менен бийликке келген А. Масалиевдин командасында иштөөдө Карыбек Молдобаев бир топ интригалуу оюндардын, психологиялык чыңалуулардын «каарманы» болууга аргасыз болгону көп айтылат. Ошол учурдагы кыргыз саясий элитасында бөлүнгөн, ириген, тирешкен учурлар көп болгон. Тирешкен дегенде Карыбек Молдобаевге кыргыз билермандары менен эле эмес, Кыргызстанды башкарууга жөнөтүлгөн Москвадан түшкөн М. Василенко, В. Рябоконь, Г. Иванцов, В. Гончаров сыяктуу «десанттар» менен кармашууга туура келген.

Мына ушундай кыйын учурда Карыбек Молдобаевдин СССРдин Министрлер советине караштуу Дин иштери боюнча кеңештин төрага орун басары болуп дайындалып Москвага кетиши көбү үчүн күтүүсүз болгон, анын себеби азыркыга чейин түшүнүксүз бойдон келатат.

## «Манастын» биринчи ректору

Советтик доордогу кыргыз жетекчилеринин бири Карыбек Молдобаевдин уюштуруучулук, педагогдук, билермандык чеберчилиги, башкаруучулук тажрыйбасы Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору болуп дайындалганда даана ачылды. Жайдак жерде уюштурулган жаңы жогорку окуу жайынын биз бүгүн мактанып жүргөн жетишкендиктерин айткан- нен маңдай тери төгүлгөнүн айтпасак болбос.

1995-жылдын 30-сентябрында эки боордош өлкөлөр ортосунда «Манас» университетин ачуу тууралуу документке кол коюлат. Салтанатка келген Түркиянын Президенти Сулайман Демирел «Манас» университети Орто Азиядагы Гарвард университети болуп калышы керек» деген каалоо-ниетин айтып, ректор К. Молдобаевден «университет үчүн кайсы моделди тандадыңар?», - деп сураганда, «Заманбап Европа моделин тандайбыз»,- деп жооп берет, «Демек, бул маселе боюнча бизде толугу менен бир пикирде жана бир түшүнүктө экенбиз»,- деп С. Демирелдин канааттануу менен айтканы көпчүлүктүн эсинде.

Ошентип, 1996-жылы жаңы окуу жылында Кыргыз-Түрк «Манас» университети биринчи студенттерди кабыл алып өз ишин, өз тарыхын баштаган. Андан бери далай суу акты, жылдар жылга алмашып, убакыт учкул экен университеттин 20 жылдык тарыхы артта калды. Университет эки өлкөнүн эле эмес, жалпы түрк дүйнөсүнүн кызматташтыгынын үлгүсүнө, алтын көпүрөсүнө айлана алды. Дүйнөнүн ондогон өлкөлөрүнөн жаштар билим алууда. Сулейман Демирел тилек кылгандай, «Манас» университети Борбордук Азиядагы эң мыкты жогорку окуу жайларынын бири болду. Заманбап студенттик шаарча пайдаланууга берилди, алдыңкы материалдык-техникалык жабдууларга ээ болууда. Баарыбыз мактанган бүгүнкү «Манас» университети жөнүндө көп кылганда, анын алгачкы пайдубалын түптөгөн, кышын койгон, чатырын жаап пайдаланууга берген, өркүндөткөн биринчи ректорубуз, профессор Карыбек Молдобаевдин опол тоодой эмгегин дайым эстейбиз, урматтуу агайыбыз менен сыймыктанабыз.

**Бакыт ОРУНБЕКОВ,**
**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин журналистика бөлүмүнүн башчысы, саясий илимдеринин кандидаты**